**“Компаньон Банкы” ЖАК**
**Башкармасынын**
**26.05.2021ж.**
**№ 55 чечими менен**
**“БЕКИТИЛДИ”**

**______________Черикбаева М.Ш.**

# “КОМПАНЬОН БАНКЫ” ЖАКта БАНКТЫК ТӨЛӨМ КАРТАЛАРЫН ЧЫГАРУУ ЖАНА ТЕЙЛӨӨ ЭРЕЖЕЛЕРИ

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. Ушул Эрежелер "Компаньон Банкы" ЖАКтын (мындан ары - Банк) банктык жергиликтүү жана эл аралык төлөм карталарын (мындан ары - Карта) чыгаруу жана тейлөө, карталарды пайдалануу менен операциялар жүзөгө ашырылган банк эсептерин ачуу, жүргүзүү жана жабуу тартибин, картаны алган жеке жактарды, юридикалык жактарды жана жеке ишкерлерди (мындан ары – Кардарлар) тейлөө шарттарын, ошондой эле Карталарды пайдалануу менен операцияларды жүргүзүү тартибин аныктайт.

1.2. Ушул Эрежелер Кыргыз Республикасынын (мындан ары - КР) мыйзамдарына, КР Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларына, жергиликтүү жана эл аралык төлөм тутумдарынын шарттарына ылайык иштелип чыккан.

1.3. Ушул Эрежелер бардык Карта ээлери үчүн бир типтүү болуп саналат жана Банк менен жеке адамдын ортосунда түзүлгөн жеке адамдар үчүн Аманат (депозит) боюнча эсеп тууралуу башкы келишимдин (мындан ары – Келишим), ал эми юридикалык жактар жана жеке ишкерлер үчүн Элкарт Бизнес карталарын чыгаруу жана тейлөө жөнүндө келишимдин шарттарын, жоболорун аныктайт.

1.4. Келишимди түзүү үчүн Кардар Банк тарабынан бекитилген формадагы тиешелүү анкета-өтүнмөнү жана Банктын талаптарына ылайык башка документтерди Банкка берет.

1.5. Карта ээси ушул Эрежелерде каралган бардык милдеттенмелерди өзүнө алат.

1.6. Эсеп Карта ээсинин тандоосу боюнча жана Банктын системасында тиешелүү продукт болгон учурда кыргыз сомунда же АКШ долларында ачылат.

1.7. Банк ушул Келишим күчүндө болгон бүткүл мөөнөтү ичинде Карта ээси тарабынан сарпталышы (колдонулушу) мүмкүн болбогон, Эсептеги каражаттардын минималдуу көлөмүн (азайтылбаган калдык) белгилөөгө укуктуу. Азайтылбаган калдыктын суммасы Банктын Тарифтеринде каралат.

1.8. Ушул Эрежелер жана Банктын Тарифтери Банктын www.kompanion.kg расмий сайтында, ошондой эле Карта ээлерине кызмат көрсөтүүчү Банктын операциялык залдардагы маалымат такталарында жайгаштырылган. Банктын карталык операциялары боюнча көрсөтүлгөн кызматтар үчүн комиссиялар, кызматтар көрсөтүлгөн күнгө карата колдонуудагы Банктын Тарифтерине ылайык алынат.

## 2. ТЕРМИНДЕР ЖАНА АНЫКТАМАЛАРЫ

**Авторизация** - Картаны пайдалануу менен банк операцияларын жүргүзүүгө Эмитент-Банктын уруксаты.

**Картаны жокко чыгаруу** - Картаны жараксыз деп таануу жана аны Банк тарабынан жүгүртүүдөн алып салуу.

**Банк** – “Компаньон Банкы” ЖАК.

**Эмитент-Банк** - төлөм системасынын мүчөсү болгон, Карточкаларды чыгарган, ошондой эле төлөм системасынын башка банктарынын алдында милдеттенмелери үчүн жооптуу банк.

**Банк күнү** - Кыргыз Республикасында расмий түрдө аныкталган майрам жана ишемби, жекшемби күндөрүн кошпогондо, Банктын жумушчу күнү.

**Банкомат же ATM (AutomaticTellerMachine)** - нак акча каражаттарын берүү жана/же кабыл алуу, ишке ашырылган транзакциялар боюнча маалыматты Карта ээси тарабынан алуу, нак эмес төлөмдөрдү жүргүзүү жана жүргүзүлгөн транзакциялардын бардык түрлөрү боюнча карт-чекти чыгаруу, Карта ээсине жеткиликтүү башка операцияларды жүргүзүү үчүн каралган аппараттык-программалык комплекс. Банкомат Карта ээсине, Банктын ыйгарым укуктуу кызматкеринин катышуусуз эле, Картаны пайдалануу менен операцияларды өз алдынча жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берет.

**Картаны бөгөттөө (блокировкалоо)** - Картаны пайдалануу менен операцияларды жүргүзүүгө толугу менен же убактылуу тыюу салуу.

**Көчүрмө** - Эсептеги акча каражаттарынын жүгүртүлүшү жана көрсөтүлгөн мезгил ичинде Картаны пайдалануу менен жүргүзүлгөн операциялар жана Карта ээсинин Эсебиндеги каражаттардын калдыгы жөнүндө отчет.

**Банкоматтын көчүрмөсү (кичи-көчүрмө)** - Карта ээсинин талабы боюнча банкомат тарабынан түзүлгөн Эсеп көчүрмөсү. Бул көчүрмөдө Карта ээсинин Эсеби боюнча жүргүзүлгөн

акыркы 10 (ондон) ашык эмес транзакциялар камтылган.

**Банктык төлөм картасы** - бул, Карта ээсине POS-терминалдар же башка жабдуулар аркылуу товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга, улуттук жана чет өлкө валютасында нак акча каражаттарын алууга мүмкүндүк берген төлөм инструменти, ошондой эле бул Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларына, Карта ээси менен Эмитент-Банк ортосунда түзүлгөн келишимге жана ушул Эрежелерге ылайык, Эмитент-Банкта ачылган банктык эсептеги акча каражаттарын тескөөгө алуусу үчүн банктык эсептен пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берген каражат. Карта Эмитент-Банктын менчиги болуп саналат жана Карта ээсине Келишимдин жана ушул Эрежелердин шарттарына ылайык пайдаланууга берилет.

**Эсеп ээси** - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык банктык эсеп жөнүндө келишимин түзгөн жеке же юридикалык жак, жеке ишкер.

**Карта ээси (Кардар)** – Эсептин ээси болуп саналган юридикалык жак / жеке ишкер тарабынан ыйгарым укук берилген, анын атына чыгарылган Картанын ээси болуп саналган жана келишимдин негизинде Картаны пайдалануу менен операцияларды жүргүзүү укугуна ээ жеке жак.

**Өтүнмө** - Эсепти ачуу жөнүндө анкета-өтүнмө жана Картаны чыгаруу жөнүндө өтүнмө (арыз). Ушул Эрежелердин жана Макулдашуунун (мындан ары – Өтүнмөлөр) ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

**Эсеп** - акча каражаттарынын кыймылы жана Карта Ээсинин Картасы боюнча Транзакцияларды жүргүзүү үчүн Банк тарабынан Негизги Картанын Ээси үчүн ачылган эсеп.

**Карталык операция** - товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө, нак акча каражаттарды алуу, акча алмаштыруу жана Картаны пайдалануу менен жүргүзүлгөн Банк тарабынан жана анын шарттарында аныкталган башка операциялар.

**Код сөзү** – Кардар тарабынан тандалган, Картаны чыгаруу жөнүндө өтүнмөдө же Кардар тарабынан Банкка берилген башка жазуу жүзүндөгү документтерде көрсөтүлгөн жана Тараптар Кардарды телефон аркылуу идентификациялоо үчүн колдонгон тамгалардын айкалышы (комбинациясы).

**Авторизациянын лимити** - Карталарды пайдалануу менен Транзакцияларды жүргүзүү үчүн Карта ээсине жеткиликтүү болгон каражаттардын максималдуу суммасы.

**МОТО (Mail Order/Telephone order)** - Картанын реквизиттерин пайдалануу менен түзүлгөн Банктын Кардарынын төлөм тапшырмасы (телефон же электрондук почта, факс ж.б. аркылуу мейманканаларды, автоунааларды брондоп коюу).

**Штаттан тышкаркы кырдаал** - өзүнчө төлөм системасынын тобокелдиктерди башкаруунун камтылган автоматтык куралдары менен системанын эрежелерине жана система ишинин технологиясына ылайык чечиле албаган жана аны чечүү үчүн оператордун же Банктын персоналынын атайын уюштурулган ишин талап кылган кырдаал.

**Негизги Карта** – Негизги Картанын ээси болуп саналган жана Карта боюнча операцияларды жүргүзүүгө толук укуктуу Эсептин ээсинин атына Банк тарабынан чыгарылган банктык төлөм картасы. Кыргыз Республикасынын аймагында жана башка өлкөлөрдө соода жана тейлөө ишканаларынын товарларына жана кызмат көрсөтүүлөрүнө нак эмес түрдө төлөө, акча которууларды жүргүзүү, накталай акча алуу, чет өлкөлүк валюта менен алмаштыруу операцияларын жүргүзүү үчүн, ошондой эле Келишимде көрсөтүлгөн башка операцияларды ишке ашыруу үчүн Карта ээси тарабынан пайдалануучу банктык төлөм картасы. Карта Кардарга Келишимдин шарттарына ылайык берилет.

**Овердрафт** (англисче Overdraft - пландалгандан ашыкча, ашыкча чыгым жумшоо) - кардардын эсебинде акча каражаты жетишсиз же жок болгон учурда, товарларга жана көрсөтүлгөн кызматтарга төлөө үчүн банк тарабынан кардардын эсебине кыска мөөнөттүү кредит берүү. Мында, банк кардардын Эсебинен каражаттарды толугу менен алып салат, башкача айтканда, банк кардарга акча каражаттарынын калдыгынан ашкан суммадагы кредитти автоматтык түрдө берет.

**ПИН-код** - 4 (же андан көп) цифрадан турган жеке идентификациялык номер (купуя код), ал карталык операцияларды автоматташтырылган режимде жүргүзүүдө Карта ээсин идентификациялоо үчүн колдонулат. ПИН-код Картанын ээсине гана белгилүү жана Карта менен кошо берилет. ПИН-кодду кардар өз алдынча өзгөртүшү мүмкүн, же кардардын арызы боюнча Банк тарабынан кайра чыгарылышы мүмкүн. ПИН-код кардардын жекече коюлган колунун

аналогу болуп саналат.

**ПИН-конверт** - Картанын ээсине берилген, ПИН-код басылган ичмекти камтыган атайын чапталган конверт.

**НБП** – нак акча каражатын кабыл алуу жана/же берүү пункту, нак акча каражаттарын берүү жана (же) кабыл алуу операциялары, анын ичинде банктык төлөм карттарын пайдалануу менен эсептешүүлөрдү ишке ашыруу үчүн тиешелүү деңгээлде жабдылган иш орду (жайы).

**Төлөм системасы (мындан ары – Система)** – "Элкарт" улуттук төлөм системасы жана / же Visa International эл аралык төлөм системасы.

Банктык төлөм карттары менен эсептешүүлөр боюнча улуттук төлөм системасы - Бирдиктүү банктар аралык процессинг борборунун аппараттык-программалык комплексинин базасында иш алып барган, улуттук "Элкарт" системасынын картын пайдалануу менен ишке ашырылган операциялар боюнча эсептешүүлөрдү жүргүзүү системасы.

Улуттук төлөм системасынын оператору – "Банктар аралык процессинг борбору" жабык акционердик коому (МПЦ).

Visa International эл аралык төлөм системасы – ушул системанын ички эрежелерине ылайык, Visa төлөм карталарын пайдалануу менен төлөмдөрдүн жүргүзүлүшүн камсыз кылган программалык-техникалык каражаттардын, документтердин жана уюштуруу-техникалык иш-чаралардын жыйындысы. Visa иштөө эрежелерин белгилейт жана валюталарды тиешелүү конвертациялоо менен Visa мүчөлөрүнүн ортосундагы карталык операциялар боюнча клиринг эсептешүүлөрүн жүзөгө ашырат.

**ПОС-терминал** - Карталарды пайдалануу менен нак эмес операцияларды жүргүзүү үчүн электрондук терминал.

**Процессинг Борбору** - Төлөм системалардын жана эсептешүүлөрдүн катышуучуларынын ортосундагы маалыматтык жана технологиялык өз ара аракеттенүүнү камсыз кылган юридикалык жак.

**Операциялардын реестри** - Банкка Процессинг борбордон электрондук түрдө келип түшкөн жана белгилүү бир мезгил ичиндеги банктык операциялар жөнүндө маалыматтарды камтыган документ. Операциялардын реестринде ишке ашырылган карталык операциянын (сатып алуулар, накталай акча чечип алуу, акча каражаттарды кайтарып алуу) суммасы Эсептин валютасында көрсөтүлөт жана, операция Эсептин валютасынан айырмаланган башка валютада жүргүзүлгөн учурда Картаны пайдалануу менен ишке ашырылган карталык операциянын күнүнө карата Банктын алмашуу курсу боюнча жүргүзүлгөн операциянын суммасына барабар сумма болуп эсептелинет. Картаны пайдалануу менен жүргүзүлгөн Эсептин валютасынан айырмаланган валютадагы операция боюнча акча каражаттарды Картанын ээсине Эсептин валютасы менен кайтарып берүүдө конвертациялоо Банк тарабынан ушул Эрежелерде белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

**Картанын реквизиттери** - Картанын алдыңкы жана арткы бетинде жайгашкан, ошондой эле Картанын магниттик тилкесинде жана чипинде жазылган белгилердин жана сандардын жыйындысы.

**Стоп-баракча** - жоголгон жана уурдалган Карталарды колдонууга жол бербөө максатында Карталарды тейлөө пункттарынын бардыгына өткөрүлүп берилген, төлөм системаларында тейлөөгө тыюу салынган Карталар номерлеринин тизмеси.

**СМС-билдирүү** – Картаны пайдалануу менен жүргүзүлгөн чыгымдоо жана / же кириштөө операциялар (накталай акча алуу, товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө) жөнүндө СМС-билдирүүлөрдү уюлдук телефонго алуу жана / же башка маалыматтык мүнөздөгү билдирүүлөр.

**Операциялардын күнүмдүк лимити** - Банктын ички ченемдик укуктук актыларына ылайык белгиленген, Картаны пайдалануу менен жүргүзүлгөн операциялардын максималдуу суммасы жана / же саны боюнча лимити, андан ашып кеткен учурда Карталарды тейлөө пункту операцияны кошумча авторизациялоого укуктуу.

**Транзакция** - товарларды, кызматтарды сатып алууда, валюталарды алмаштырууда же накталай акчаларды алууда Картаны колдонуп жүргүзүлгөн операция, анын натыйжасында Эсеп Транзакциянын суммасына дебеттелет же кредиттелет.

**Техникалык Овердрафт** – кардардын көзөмөлүнөн тышкары себептерден улам келип чыккан овердрафт (мисалы, курстук айырма).

**Банктын терминалдык тармагы** - Банктын маалыматтарды иштеп чыгууга, өткөрүп берүүгө, нак акча каражаттарды берүүгө, нак эмес операцияларды жүргүзүүгө же Төлөм системасынын карталары боюнча маалымат алууга арналган жабдуулардын жыйындысы.

**Cardex** – "МПЦ" ЖАКтын аппараттык-программалык комплексине негизделген, "МПЦ" ЖАКка туташкан өзүн-өзү тейлөөчү жабдуулар аркылуу Картанын реквизиттерин колдонуу менен акча которууга мүмкүнчүлүк берген карталык акча которуулардын системасы.

## 3. НЕГИЗГИ КАРТАНЫ ЧЫГАРУУ, ПИН-КОДДУ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖАНА ЭСЕПТИ АЧУУ

3.1. Ушул Эрежелердин алкагында жана Келишимге ылайык, Кардардын тиешелүү Анкета-өтүнмөнүн негизинде Банк төмөнкүлөрдү **ачат: Карт-Эсеп** - Кардар тарабынан Келишимге жана Эсеп ачуу жөнүндө Кардардын Өтүнмөсүнө ылайык акча каражаттарын сактоо, топтоо, ошондой эле төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн колдонулуучу **Талап боюнча төлөнүүчү аманат (депозит) боюнча эсеп**.

3.2. Жеке адамдын Эсебине анын өздүк акча каражаттарынан тышкары эмгек акылар, автордук гонорарлар, пенсиялар, алименттер, социалдык жөлөк пулдар, башка банктык Эсептен каражаттар, мурастоого байланыштуу төлөмдөр, эсеп ээсине тиешелүү болгон жеке мүлктү сатып өткөрүү үчүн төлөмдөр жана башка акчалай түшүүлөр жана төлөмдөр чегерилиши мүмкүн. Кардар жеке адамдын талап боюнча төлөнүүчү эсебинен жеке мүнөздөгү төлөмдөрдү, анын ичинде өзүнүн жеке колдонуусу үчүн алынган сатып алынган товарларга (сунушталган кызмат көрсөтүүлөр) төлөмдөрдү, коммуналдык жана башка ушул сыяктуу жеке мүнөздөгү төлөмдөрдү ишке ашыра алат.

3.3. Юридикалык жактын же жеке ишкердин Эсебине /Эсебинен административдик-чарбалык иш-аракеттерди жүргүзүү үчүн акча каражаттар (иш сапардык, өкүлчүлүк чыгымдар, товарларды, кызматтарды төлөө үчүн төлөмдөр жана башка чыгымдар) чегерилиши / алып салынышы мүмкүн.

3.4. Эсеп ачуу жана Картаны алуу үчүн, Карта Ээси белгиленген формадагы тиешелүү документти толтурат жана Банктын кароосуна берет.

3.5. Банк, өтүнмөлөрдүн негизинде, Бишкек шаарында 7 жумуш күндөн кечиктирбестен, аймактарда 10-15 жумуш күндөн кечиктирбестен Эсеп ачат жана Картаны анын Ээсинин наамына чыгарат.

3.6. Банк жасалган Картаны Кардарга же Кардар тарабынан берилген ишеним каттын негизинде иш алып барган анын ыйгарым укуктуу өкүлүнө берет.

3.7. Юридикалык жактар үчүн Банк Картаны Анкета-өтүнмөдө көрсөтүлгөн адамга берет.

3.8. Картаны алууда Карта ээси Картанын арткы бетиндеги кол тамга коюу жеринде кол коюшу керек.

3.9. Картаны башка адамдарга пайдаланууга же күрөө катары өткөрүп берүүгө тыюу салынат. Ыйгарым укуктуу эмес адам көрсөткөн карта алып коюлушу керек.

3.10. Карта Банктын менчиги болуп саналат. Картанын жарактуулук мөөнөтү бүткөндө же Банктын биринчи талабы боюнча Карта ээси Картаны Банкка милдеттүү түрдө кайтарып бериш керек.

3.11. ПИН-код Картаны уруксатсыз пайдалануудан коргоонун кошумча каражаттарынын бири болуп саналат.

3.12. Эсептеги каражаттарды коргоо үчүн, ПИН-кодду үчүнчү жактарга берүүгө тыюу салынат. Карта ээси ПИН-кодду үчүнчү жактарга өткөрүп берүү үчүн жоопкерчиликти толугу менен тартат, ал эми Банк акча каражаттардын Карта аркылуу уруксатсыз пайдалангандыгы үчүн бардык жоопкерчиликтен бошотулат.

3.13. Карта анын ээсине берилгенден соң ПИН-коду басылган атайын чапталган конверт берилет. Конвертти алганда аны дароо ачып, ПИН-кодду эстеп калып, конвертти жок кылуу сунушталат. ПИН-код Банктын кызматкерлерине белгисиз жана Карта ээси тарабынан Картаны колдонуу убактысында жашыруун сакталышы керек. ПИН-коддун купуялуулугун камсыз кылуу үчүн белгилүү бир эрежелерди сактоо керек:

а) эгерде ПИН-код Карта ээси тарабынан кайсы бир жерде жазылса, анда Карта менен ошол жазманы өзүнчө сактоо керек;

б) эч кимге электрондук жабдуунун клавиатурасында терилип жаткан ПИН-коддун сандарын эч кимдин аңдоосуна жол бербөө зарыл;

в) ПИН-кодду Картанын өзүнө жазбоо керек. ПИН-коду жазылган Карталар боюнча доолор каралбайт.

ПИН-кодду киргизүүдө электрондук жабдуулардын дисплейиндеги сандар көрсөтүлбөстөн атайын белги менен алмаштырылат. Терүүдө каталардан алыс болуу маанилүү. Эгерде ПИН-код үч жолу катары менен (каалаган убакыт аралыгында, бир же башка электрондук жабдууларды колдонгондо) туура эмес терилген болсо, анда катары менен төртүнчү ката кетсе, Банк Картаны бөгөттөйт жана ал банкоматта кармалып калат, жагдайлар аныкталганга чейин тейлөө ишканасында же нак акча каражатты берүү пунктунда алып коюлат.

3.14. Картанын номери жана / же ПИН-код Карта ээси тарабынан ачыкка чыгарылдан улам жүргүзүлгөн операциялар үчүн Банк жоопкерчиликти тартпайт.

3.15. ПИН-код жекече коюлган колтамганын аналогу болуп саналат. ПИН-кодду колдонуу менен жүргүзүлгөн бардык транзакциялар Карта ээси тарабынан ишке ашырылды деп эсептелет.

3.16. Карта ээси Банктын өзүн-өзү тейлөөчү жабдууларында ПИН-кодду өз алдынча өзгөртө алат.

3.17. Картаны пайдалануу менен жүргүзүлгөн Карталык операциялардын суммалары, Картаны пайдалануу менен жүргүзүлгөн Карталык операциялар үчүн комиссиялардын, алардын ичинде башка банктардын комиссияларынын суммасы жана Картанын тейлөөсүнө байланыштуу башка чыгымдар, Банк тарабынан Эсептен акцептсиз түрдө ушул Эрежелердин 5.2.3-пунктуна жана 5.2.5-пунктуна ылайык алып салынат.

3.18. Картанын жарактуулук мөөнөтү аяктагандан кийин, же Банктын биринчи талабы боюнча, Карта ээси Картаны сөзсүз түрдө Банкка кайтарып бериш керек.

## 4. КАРТАНЫ КОЛДОНУУНУН ШАРТТАРЫ

### 4.1. Нак акча каражаттарды алуу

4.1.1. Картанын ээси нак акча каражаттарды эки ыкма менен ала алат:

1) ПОС-терминал (НБП) аркылуу;

2) Банкоматтан.

4.1.2. Нак акча НБП аркылуу берилгенде кассир Картаны жана инсандыгын ырастоочу документти көрсөтүү керек.

4.1.3. Кардардын инсандыгы аныкталгандан кийин, кассир ПОС-терминал аркылуу авторизациялоону ишке ашырат.

4.1.4. Жооп оң болгон учурда, эки чек басылып чыгат, алардын ар бирине кассир жана Карта ээси колдорун коюш керек. Андан соң кассир чекте көрсөтүлгөн өлчөмдө нак акча берет.

4.1.5. Башка банктардын НБПда кошумча комиссия алынышы мүмкүн, ошондуктан Карта ээси операцияны жүргүзөөрдүн алдында ошол банктын кызматкеринен комиссиянын бар экендигин жана анын өлчөмүн тактап алышы керек.

4.1.6. Карта ээси жүргүзүлгөн операция менен макул болбосо, негизги операция жүргүзүлгөн күнү операцияны жокко чыгарууну талап кылуу керек. Мындай учурда операция жана башка банк тарабынан кабыл алынган бардык комиссиялар жокко чыгарылат.

4.1.7. Операция бардык суммага гана жокко чыгарылат, операцияны жарым-жартылай жокко чыгаруу мүмкүн эмес.

4.1.8. Эгерде операцияны жокко чыгаруу мүмкүн болбосо, анда "Картага кайтарып берүү" операциясын талап кылуу керек.

4.1.9. Эгерде кызматкер "Картага кайтарып берүү" операциясын жүргүзүүдөн баш тартса, анда Карта ээси ушул Эрежелердин 7-главасына ылайык доо арызын берүү үчүн өзүнүн Банкына кайрылышы керек.

4.1.10. Нак акча каражаттары банкоматтар аркылуу берилгенде, Картанын аныктыгы жана Карта ээсинин укуктары (Картанын мыйзамдуу ээси катары) банкоматтын клавиатурасында туура ПИН-коддун терилиши менен күбөлөндүрүлөт.

4.1.11. Банкомат нак акчаны берүү менен бирге Картаны кайтарып берет. Банкомат тарабынан берилген акча каражаттарды жана Картаны өз убагында алуу керек, антпесе, 15 (он беш) секунда ичинде банкомат каражаттарды кайтарып алат жана Картаны кайтарып бербей

коюшу мүмкүн.

4.1.12. Эгерде Карта же акча каражаттар берилбей калса, унутулуп калса, ашыкча каражаттар алынып салынса ж.б. болсо, анда ушул Эрежелердин 7-главасына ылайык Банкка доо арыз жазуу үчүн кайрылуу зарыл.

4.1.13. Эгерде Картаны колдонбостон акча каражаттарды тез арада алуу зарылдыгы келип чыкса (Карта убагында жеткирилбей калса, уурдалса, жоголсо, бузулуп калса ж.б.), акча каражаттарды Банктын кассасы аркылуу накталай түрдө алууга болот. Ал үчүн төмөнкү иш-аракеттерди жасоо зарыл:

а) Картаны бөгөттөө жөнүндө арыз жазуу;

б) Картанын Эсебинен накталай акча алуу жөнүндө арыз жазуу.

4.1.14. Акча каражаттар, Карта боюнча мурда жүргүзүлгөн операцияларды эске алуу менен, Эсептин иш жүзүндөгү калдыгы такталгандан соң берилет.

4.1.15. Эсептин валютасынан айырмаланган валютада операцияларды жүргүзүүдө валюталарды конвертациялоодон улам кардар финансылык жоготууларга туш келиши мүмкүн схема *№1 Тиркемесинде* корсотулгон.

**4.2. Соода жана тейлөө ишканаларда (СТИ) Карта аркылуу төлөө.**

4.2.1. Сатып алынган товарлар же көрсөтүлгөн кызматтар үчүн төлөм жүргүзүү үчүн, соода түйүнүнүн кызматкерине Картаны көрсөтүү керек.

4.2.2. Карта аркылуу операцияларды Сиздин катышууңуз менен гана жүргүзүүнү талап кылуу зарыл. Бул коопсуздукту камсыз кылуу үчүн керек.

4.2.3. Кызматкер, Картанын аныктыгына жана Карта ээсинин укуктарына ынанып, ПОС-терминал аркылуу авторизациялоону, б.а. Карта менен операцияларды жүргүзүү үчүн Банк-эмитенттен уруксат алууну, ишке ашырат. ПОС-терминалды колдонгондо, толтурулган чектин эки көчүрмөсү автоматтык түрдө басылып чыгат. Операцияны ПИН-кодду колдону менен жүргүзүлгөн учурда, чекке кол коюунун кажети жок, анткени операция жекече коюлган колунун аналогу болуп саналган ПИН-код менен ырасталды. Эгерде операцияны жүргүзүү учурунда ПИН-код талап кылынбаса, анда чекке колтамганы коюуга тийиш.

ПОС-терминалдын чектеринде төмөнкү маалыматтар камтылышы керек:

а) документтин номери, операциянын датасы жана убактысы;

б) соода түйүнүнүн же эквайердин аталышы (коду);

в) төлөмдүн суммасы;

г) төлөм валютасы;

д) авторизациялоонун коду;

е) комиссиянын же арзандатуунун (эгер бар болсо) өлчөмү

ж) төлөм системасынын коопсуздук эрежелерине ылайык картанын реквизиттери;

з) кошумча реквизиттер, эгерде алар тиешелүү төлөм системаларынын регламентинде жана иштөө тартибинде каралса.

4.2.4. ПОС-терминалдык чек эки нускада басылып чыгарылат. Эгерде чекте Банктагы Эсептен кийин алынып салынуучу сумма болбосо, сумма туура эмес көрсөтүлсө же операциянын башка деталдары (мисалы, датасы) жок болсо, чекке кол коюудан баш тартуу керек.

4.2.5. ПОС-терминалдын чеги операциянын жүргүзүлүшүн тастыктаган финансылык документи болуп эсептелинет.

4.2.6. Соода түйүндүн кызматкери анын катышуусунда чекке коюлган колтамганы Картанын арткы бетиндеги колтамга менен салыштырып көрүшү керек.

4.2.7. Эгерде соода түйүнүнүн кызматкери кол тамгалардын аныктыгына ишенбесе, анда ал чекке кайрадан кол коюуну талап кылууга укуктуу (айрым учурларда, кызматкер кол тамгасынын аныктыгына ынанганга чейин), ошондой эле инсандыгын тастыктаган документти көрсөтүү.

4.2.8. Эгерде соода түйүнүнүн кызматкери кардардын колтамгасынын аныктыгына толук ишенбесе, анда ал кардардын Карта менен сатып алуусу үчүн төлөмдөн баш тартууга жана операцияны жокко чыгарып, төлөмдүн башка ыкмасын (мисалы, накталай түрдө) сунуштоого укуктуу.

4.2.9. Соода түйүнүнүн кызматкери чекти туура тариздеп, кардардын колтамгасын

текшерип, Карта боюнча төлөмдү кабыл алгандан кийин, ал кардарга чектин биринчи нускасын берүүгө милдеттүү. Бүтүмдүн ырасталышы болуп саналган чектин биринчи нускасын кардар өзүнө калтыруу зарыл.

4.2.10. Товарлар жана кызматтар үчүн Карта аркылуу төлөмдү тастыктоочу бардык документтердин көчүрмөлөрүн сактап алуу зарыл.

4.2.11. Операция менен макул болбогон учурда, бүтүндөй товарды кайтарып берүү жана негизги операция жүргүзүлгөн күнү операцияны жокко чыгарууну талап кылуу зарыл.

4.2.12. Операцияны жокко чыгаруу операциянын бүткүл суммасы үчүн гана мүмкүн, операцияны жарым-жартылай жокко чыгаруу мүмкүн эмес.

4.2.13. Эгерде товар транзакция жүргүзүлгөн күндөн башка күнү кайтарылган болсо, анда Картага акча каражаттарды кайтарып берүүнү талап кылуу керек.

4.2.14. Картага акча каражаттарды кайтарып берүүдө кайтарылган товардын суммасына жарым-жартылай кайтарып берүү мүмкүн.

**4.3. Картаны пайдалануу менен Интернет аркылуу төлөө.**

4.3.1. Интернет аркылуу товарлар жана кызматтар үчүн төлөм картасы менен төлөө, учурунда Картанын физикалык катышуусун талап кылбаган төлөмдөрдүн бардык түрлөрүн камтыйт, бирок анда Картанын реквизиттери, алардын ичинде милдеттүү түрдө көрсөтүлүүчү Картанын номери, Картанын колдонуу мөөнөтү, Карта ээсинин эмбоссирленген аты-жөнү (Картада көрсөтүлгөндөй аты-жөнү). Төлөмдү жүргүзүп жатканда Интернет-булактын тейлөө шарттарына ылайык CVV2, 3D Secure сыяктуу реквизиттерталап кылынышы мүмкүн.

4.3.2. Visa карталары боюнча кардарга 3D Secure мүмкүнчүлүгү жеткиликтүү, ошондуктан кардарлар үчүн Интернет-төлөмдөрдү жүргүзүү мүмкүнчүлүгү бар.

4.3.3. Улуттук төлөм системасынын Элкарт карталары боюнча Интернет-операцияларды жүргүзүү мүмкүнчүлүгү Карта ээсинин арызынын негизинде ачылат.

4.3.4. Интернет аркылуу төлөм операцияларын жүргүзүүдө Карта ээси транзакциянын ушул түрүнөн келип чыгуучу терс кесепеттер үчүн жоопкерчиликти түшүнөт жана өзүнө алат.

4.3.5. "Компаньон Банкы" ЖАКтын бардык VISA карталары Verified by VISA (VbV) алдамчылыкты алдын алуу системасына туташтырылган. Кошумча ырастоо кодду алуу үчүн Картка ээси арызда өзүнүн уюлдук телефонун туура номерин көрсөтүүгө милдеттүү.

4.3.6. VISA картасы менен сатып алуудан мурун, Карта ээси интернет-дүкөндө VbV технологиясын да колдонулуп жаткандыгына текшерип алыш керек.

4.3.7. Карта ээси өзүнүн картасы жөнүндө маалыматты нак эмес төлөмдөрдү жүргүзүү максатында гана бериши керек. Карта ээси Картанын реквизиттерин электрондук почта аркылуу жиберүүдөн алыс болушу керек, анткени электрондук почта аркылуу берилген маалымат бөтөн адамдардын колуна түшүп, алар тарабынан пайдалануудан толук корголгон эмес.

4.3.8. Карта ээси интернет-дүкөндөрдө маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу үчүн тастыкталган стандарттары колдонулуп жаткандыгын текшериш керек. Мисалы, браузердеги "кулпунун жана ачкычтын" сүрөтү дүкөндө маалыматтарды өткөрүп берүүнү коргогон SSL (Secure Sockets Layer) протоколу колдонулуп жаткандыгын билдирет.

4.3.9. Интернетте транзакцияны бүтүрүүдөн мурун, Карта ээси товарларды жеткирүү шарттары жана аларды кайтарып берүү эрежелери менен таанышып чыгышы керек, аларга шилтеме адатта интернет-дүкөндүн сайтынын негизги бетинде жайгашат.

4.3.10. Карта ээси товарды кайтарып алуу мүмкүнчүлүгүн, товарды кайтарып берүү чыгымдарын ким көтөрүп жаткандыгын билип алышы керек. Адатта, эрежелер жана шарттар толугу менен интернет-дүкөндүн сайтында жарыяланат. Эгерде алар жок болсо, анда Карта ээси ошондой интернет-дүкөндөн сатып алууларды жасабашы абзел. Эгерде Карта ээси сатып алынуучу товарлар / кызматтар үчүн Картанын маалыматтарын колдонуп, Интернет аркылуу төлөөнү каалаcа, Карта ээси ушуну менен ал тарабынан Картанын маалыматтарын (Картанын номерин, жарктулук мөөнөтүн, CVV2 ж.б.) жана/же Карта ээси жөнүндө маалыматтарды колдонуу менен Интернет аркылуу жүргүзүлгөн операциялар боюнча Банк жана / же товардын / кызматтын сатуучусу жана / же Төлөм системасы жана / же Сатуучунун банкы тарабынан операциянын суммасына жана операциянын ушундай түрү үчүн колдонулуучу комиссиянын суммасына Эсеп дебеттелээрин тастыктайт.

4.3.11. Картанын маалыматтарын жана / же Карта ээси жөнүндө маалыматтарын пайдалануу менен Интернет аркылуу жүргүзүлө турган бардык операциялар үчүн Карта ээси толугу менен жооп берет. Операцияларды Карта ээси эмес, аталган маалыматтарды төмөнкү учурларда билип калган үчүнчү адамдар жүргүзгөн учурда да Карта ээси өзү жоопкерчиликти тартат: Карта ээси мындай маалыматтарды колдонуу менен Интернет аркылуу төлөмдөрдү ишке ашырганда, башка адамдарга Картага жетүү мүмкүнчүлүгүн түзүп, аны туура эмес сактаганда, Карта ээсинин макулдугусуз Интернет аркылуу төлөмдөрдү жүргүзүүгө мүмкүндүк берген Картанын маалыматтары жана / же Карта ээси жөнүндө маалыматтары үчүнчү жактарга билинип калган башка ар кандай учурларда.

4.3.12. Үчүнчү жак тарабынан Картанын маалыматтарын жана / же Карта ээси жөнүндө маалыматтарын пайдалануу менен Интернет аркылуу төлөмдөрдүн жүргүзүлүшүнүн натыйжасында келип чыккан бардык мүмкүн болгон жоготууларды, чыгашаларды, залалдарды ж.б. зыяндарды Карта ээси өзүнө алып, ушуну менен ал Банкка карата эч кандай доо койбостугуна же доо арыз бербестигине кепилдик берет, анткени Банк Карта ээсине алдын ала жана толугу менен Картаны жана / же Карта ээси жөнүндө маалыматты пайдалануу менен Интернет аркылуу төлөмдөрдү жүргүзүүгө байланыштуу тобокелдиктер тууралуу маалымдаган.

4.3.13. Карта ээси Картанын маалыматтарын жана / же Карта ээси жөнүндө маалыматтарды пайдалануу менен Интернет аркылуу төлөмдөрдү ишке ашырууга техникалык мүмкүнчүлүктөрдү берүүнүн демилгечиси өзү экендигин, ошондой эле Карта ээси же башка адамдар тарабынан (Карта ээсинин уруксаты менен же уруксаты жок) Картаны пайдалануу менен Интернет аркылуу төлөмдөрдү ишке ашырууда Карта ээси үчүн келип чыгышы мүмкүн болгон кандайдыр бир кесепеттер үчүн жоопкерчиликтен Банкты бошоткондугун, ал эми Банк өз кезегинде ошол жоопкерчиликти тартпастыгын таанып жана тастыктайт.

4.3.14. Карта ээси төмөнкүлөргө байланыштуу бардык тобокелчиликтерди өзүнө алгандыгын тастыктайт:

а) үчүнчү жактар тарабынан Карта менен Интернет аркылуу төлөмдөрдү жүргүзүүдө колдонулган Картанын маалыматтарына жана / же Карта ээси жөнүндө маалыматтарына жеткиликтүүлүгүнө;

б) Картанын маалыматтарын жана / же Карта ээси жөнүндө маалыматтарын билип калган үчүнчү жак тарабынан Интернет аркылуу төлөмдөрдү жүргүзүүгө. Кардар текшерилбеген интернет-булактарды колдонууда купуя маалыматтын жоголушуна Банк жооп бербейт.

4.3.15. Карта ээси Банкка Интернет тармагындагы кызматтарга кирүүгө бөгөт коюу (блокировкалоо) жөнүндө арыз берүү менен Интернет тармагындагы кызматтардан баш тартууга укуктуу.

**4.4. Эсепти толтуруу.**

4.4.1. Картанын Эсебин төмөнкү жолдордун бири менен толуктаса болот:

а) Банктын каалаган филиалында же сактык кассасында накталай түрдө;

б) Банктын төлөм терминалы аркылуу накталай түрдө. Төлөм терминалындагы толуктоо валютасы - кыргыз сому;

в) Банктын ички кызматтары аркылуу;

г) башка банктардан нак эмес акча которуу жолу менен. Алгач Эсептин реквизиттерин билип алуу зарыл;

д) "Cardex" продуктунун алкагында Картадан Картага нак эмес түрдө которуу жолу менен (Элкарт карталары үчүн гана).

4.4.2. Банктын филиалында же сактык кассасында Эсепти каалаган жеке же юридикалык жак толтура алат. Эсепти толтуруу үчүн Кардардын Эсебинин реквизиттерин көрсөтүү керек.

4.4.3. Терминалдардын актуалдуу тизмеси жана алардын даректери Банктын www.kompanion.kg сайтында жайгаштырылган.

4.4.4. Эсепти төлөм терминалдары аркылуу толуктоо каалаган убакта жүргүзүлүшү мүмкүн, акча каражаттар терминалга түшкөн учурдан тартып кийинки иш күндөн кечиктирилбестен Картага түшөт.

**4.5. Картаны алып коюу.**

4.5.1. Карта соода жана тейлөө ишканаларында же НБПда төмөнкү учурларда кармалып калат:

• Карта бөгөттөлгөндө;

• Картаны көрсөткон адам анын ээси эмес болгондо;

• Карта ээси Картаны карталык операцияны жүргүзгөндөн кийин ошол жерде унутуп койгондо.

4.5.2. Картаны банкомат, тейлөө ишканасынын же НБПнын кассири, Банктын кызматкери алып коё алат. Карта кармалып калганда (банкомат кармап калган учурларды кошпогондо), тиешелүү акт түзүлөт.

4.5.3. Банк Картаны кармап калуунун себебин Карта ээси Банкка же Картаны кармап калган банкка оозеки (телефон аркылуу) же жазуу жүзүндө кайрылган күндөн кийинки банктык күндөн кечиктирбестен, аныктайт.

4.5.4. Кармалып калган Картаны кайтарып берүү аны кармап калган банк тарабынан же болбосо Банк тарабынан (эгерде кармалып калган Карта Банкка жектирилип келсе) чечим кабыл алынгандан кийин Карта ээсинин жазуу жүзүндөгү арызы боюнча ишке ашырылат.

4.5.5. Банкомат Картаны алып коё алат. Буга Эмитент-банктын буйругу же банкоматтын иштебей калышы себеп болушу мүмкүн. Мындан тышкары, ПИН-код үч же андан көп жолу туура эмес терилген болсо, Карта, адатта, банкомат тарабынан кайтарылбайт.

4.5.6. Карта банкомат тарабынан алып салынган учурда төмөнкүлөрдү кылуу зарыл:

а) банкоматты орноткон банкка кайрылуу. Банктын координаттары жана телефондор бардык эле учурда банкоматтын өзүндө же банкомат жайгашкан жерге жакын жерде көрсөтүлөт;

б) банкоматты тейлеген банк менен байланышып, кырдаалды түшүндүрүү жана Картаны кайтарып алуу убактысын тактоо;

в) Картаны кайтарып алуу үчүн өздүгүн тастыктаган документ талап кылынат.

4.5.7. Эгерде банкоматтын ээси болгон банк Картаны кайтарып берүүдөн баш тартса, анда ушул Эрежелердин 7-пунктуна ылайык Банкка талап менен кайрылуу керек.

**4.6. Картаны бөгөттөө (блокировкалоо).**

4.6.1. Карта жоголсо, уурдалса же ыйгарым укуксуз адам тарабынан колдонулса Картаны бөгөттөө тууралуу жазуу жүзүндөгү талап менен "Компаньон Банк" ЖАКтын каалаган бөлүмүнө кайрылуу же Банктын электрондук кызматтары аркылуу бөгөттөө жөнүндө өтүнмөнү берүү зарыл. Өтүнмөдө (талапта) Карта ээсинин аты-жөнү жана мүмкүн болушунча төмөнкү кошумча маалыматтар көрсөтүлөт: туулган күнү, Карттын номери жана жарактуулук мөөнөтү, ошондой эле бөгөткө коюунун себеби.

4.6.2. Банктын 8800 кыска номери боюнча ишеним телефонуна чалып, Картаны аралыктан бөгөттөө мүмкүн. Мында, Карта ээси аты-жөнүн, туулган күнүн, код сөзүн билдирип, бөгөттөөнүн себебин көрсөтүү зарыл. Код сөзү унутулуп калса, анда паспорттун маалыматтарын берүү керек.

4.6.3. "Элкарт" Улуттук төлөм системасынын карталарын да блокировкалоо мүмкүн, ал үчүн "МПЦ" ЖАК менен +996 312 664325 күнү-түнкү көп каналдуу телефон боюнча байланышып, код сөздү айтуу керек.

4.6.4. "МПЦ" ЖАКка телефон аркылуу кайрылуулар ар кандай мүмкүн болгон талаштуу жагдайларды талдоо максатында магниттик ташуучуда катталат.

4.6.5. Карта код сөздү көрсөтүү менен бөгөттөлгөн фактысы аныктаганда, Банк бөгөттөөнүн кесепеттери боюнча доолорду кабыл албайт.

4.6.6. Карта ээсинин жазуу жүзүндөгү кошумча арызынын негизинде Карта бөгөттөлгөндөн кийин, Банк Карта ээсинин Эсеби боюнча жаңы номер жана ПИН-код менен жаңы Картаны чыгарат.

4.6.7. Карта ээси мурда жоголгон деп жарыяланган Картаны кайрадан тапса, бул тууралуу дароо Банкка маалымдап, андан соң Картаны Банкка кайтарып бериши керек. Табылган Картаны кайтарып бербеген учурда, Карта ээси Картаны кайтарып бербөөгө байланыштуу бардык тобокелдиктерди өзүнө алат жана Банк тарткан бардык чыгымдардын ордун Банкка төлөп берет.

4.6.8. Картаны сактоодо Карта ээси шалаакылык кылса же ПИН-коддун купуялыгын сактабаган учурда (Карта анын ээси тарабынан бөгөткө коюлгандыгына карабастан), ошондой эле Карта ээсинин атайылап жасалган мыйзамсыз иш-аракеттери аныкталган учурда, Банк Карта

ээсине карата жоопкерчилик чарасын аныктоого укуктуу.

4.6.9. Банк бөгөттөлгөн Картанын реквизиттерин анын уруксатсыз (санкциясыз) колдонулушун алдын алуу максатында тиешелүү төлөм системасына өткөрүп берүүгө укуктуу.

4.6.10. Картаны бөгөттөн чыгаруу үчүн (убактылуу коюлган бөгөттөн карта ээсинин кайрылуусу боюнча), бул тууралуу жазуу жүзүндөгү талап менен "Компаньон Банкы" ЖАКтын каалаган бөлүмүнө кайрылуу же 8800 кыска номери боюнча ишеним телефонуна чалуу тийиш. Банктын ишеним телефонуна чалганда, аты-жөнүн, туулган күнүн, код сөзүн айтуу зарыл кийинки учурларда:

1) ПИН счётчикти баштапакы абалга келтирүү - эгер клиент 3 жолу туура эмес ПИН кодду терсе;
2) Карта ээсинин кайрылуусу боюнча бөгөтко коюлган болсо.

**4.7. СМС-билдирүү.**

4.7.1. СМС-билдирүү кызматы Банктын бардык Карталары боюнча жеткиликтүү.

4.7.2. СМС-билдирүү кызматы Visa карталардын алгач бардык ээлери үчүн кошулат. Бул кызматты өчүрүү үчүн, кардардын арызы керек.

4.7.3. "Элкарт" карталарынын ээлери үчүн СМС-билдирүү кызматы кардардын арызы боюнча гана кошулат.

4.7.4. Карта ээси СМС-билдирүү үчүн комиссияны Банктын Тарифтерине ылайык төлөйт. Комиссия автоматтык түрдө алынат.

4.7.5. Эгерде үч айдын ичинде эсепте СМС-билдирүү үчүн комиссияны төлөөгө акча жетишсиз болсо, анда бул кызмат автоматтык түрдө өчүрүлөт.

4.7.6. Кызматты кайрадан кошуу үчүн Карта ээси Арыз тапшырышы керек.

4.7.7. Карта ээси Банкка тиешелүү арызын берүү менен СМС-билдирүү кызматынан баш тартууга укуктуу.

4.7.8. Эгерде Карта ээси СМС-билдирүүлөрдү алып жаткан уюлдук телефон номерлерин алмаштыргысы келсе, анда ал бул жөнүндө Банкка жазуу жүзүндө маалымдашы керек.

**4.8. Техникалык овердрафт.**

4.8.1. Техникалык овердрафт жаралганда, Карта ээси ошол күндөн тартып беш жумушчу күндөн кечиктирбестен Банкка Техникалык Овердрафттын суммасын жана Банктын тарифтеринде каралган Банктын комиссиясын толугу менен төлөп берүүгө милдеттүү.

4.8.2. Эсепке түшкөн акча каражаттарды Банк учурдагы күнгө карата карыздын жалпы суммасын төмөнкү тартипке ылайык жабууга багыттайт:

а) Техникалык овердрафт боюнча комиссия;

б) техникалык овердрафт;

в) төлөм жүргүзүү үчүн (Карта ээси же Кошумча Картанын ээси Картаны өткөрүп берип, ПИН-кодду үчүнчү жакка ачкан учурда);

г) Карталык операциялар үчүн, алардын ичинде Картаны, анын аналогун же Картанын реквизиттерин колдонуу менен үчүнчү жактар тарабынан жүргүзүлгөн карталык операциялар үчүн;

д) Карта ээсинин Банк алдындагы башка милдеттенмелери;

е) Интернет жана МОТО аркылуу ар кандай операцияларды жүргүзүү мүмкүндүгүн алганда мүмкүн болгон терс кесепеттери үчүн, анын ичинде, бирок төмөнкүлөр менен чектелбестен: үчүнчү жактар тарабынан Интернет жана МОТО аркылуу Картаны пайдалануу менен уруксатсыз (санкциясыз) операцияларды жүргүзүү тобокелдиги үчүн (5.4.5-пункт).

4.8.3. Техникалык Овердрафт төлөнбөй калган учурда, акча каражаттар кардардын Банкта ачылган башка эсептеринен, ошондой эле картадагы азайтылбаган калдыктан алып салынат. Карызды эсептен алып салуу үчүн каражат жетишсиз болгон учурда, кардарга СМС-билдирүү, андан соң карыздын калган суммасын жана келип чыккан овердрафтты төлөп жабуу өтүнүчүн камтыган жазуу жүзүндөгү билдирүү жиберилет. Эгерде овердрафттын суммасы төлөнбөсө, анда Банк укук коргоо органдарына кайрылууга аргасыз болот. Эсептен алып салуу ушул Эрежелердин 5.2.5-пунктуна ылайык ишке ашырылат.

**4.9. Картанын жарактуулук мөөнөтү, Картаны колдонууну токтотуу, Картаны алмаштыруу, эсепти жабуу.**

4.9.1. Картада анын жарактуулук мөөнөтү (айы жана жылы) көрсөтүлөт. Карта анда көрсөтүлгөн айдын акыркы күнүнүн аягына чейин жарактуу. Жарактуулук мөөнөтү өткөн бардык Карталар бөгөттөлөт жана Банкка кайтарылып берилиши керек.

4.9.2. Картаны жана эсепти пайдалануудан баш тарткан учурда, анын Ээси Банкка тиешелүү жазуу жүзүндөгү арыз менен кайрылып, Картаны кайтарып берүүгө жана эсепти жабууга милдеттүү.

4.9.3. Картанын жарактуулук мөөнөтү аяктаганда, Карта бузулганда, ПИН-код ачылганда, Картанын өзүнө, анын реквизиттерине шек туудурган жагдай пайда болгон ж.б. учурларда Карта алмаштырылат.

4.9.4. Алмаштырылуучу Картаны Банкка кайтарып берүү керек (ал жоголгон же уурдалган учурларды кошпогондо).

4.9.5. Эгерде Картанын жарактуулук мөөнөтү өтүп кетсе жана Карта Ээси банктык төлөм картаны колдонууну улантууну кааласа, Карта ээси Картанын жарактуулук мөөнөтү аяктаганга чейин 5 (беш) күндөн кечиктирбестен Банкка кайрылып, анын мөөнөтү бүткөндүгүнө байланыштуу Картаны кайрадан чыгаруу жөнүндө арыз бериши керек.

4.9.6. Эсепти пайдалануудан баш тарткан учурда, Карта ээси эсепти жабуу жөнүндө жазуу жүзүндө арыз менен Банкка кайрылып, бардык Карталарды / Кошумча Карталарды кайтарып берүү керек.

**4.10. Карта боюнча алдамчылыкты алдын алуу максатында Карта ээлери үчүн коопсуздук эрежелери.**

4.10.1. Коопсуздук максатында, Карта Ээси Картаны алып, анын артындагы колтамга үчүн тилкесинде колун коюуга милдеттүү.

4.10.2. Карта ээси код сөзүн эстеп калып, аны карта жана ПИН-код менен бирге сактабашы керек.

4.10.3. Карта ээси ПИН-кодду жашыруун сакташы керек. ПИН-кодду үчүнчү адамга/адамдарга айтып берүү Картаны уруксатсыз колдонууга алып келет, башкача айтканда, ПИН-кодду беруу Карта Ээсине таандык акча каражаттарды уруксатсыз сарптоого алып келиши мүмкүн.


4.10.4. Картаны жана ПИН-кодду бири-биринин жанында сактоого, ошондой эле ПИН-кодду Картанын өзүнө жазуу же Картанын жанында сакталган документтерге жазууга тыюу салынат. ПИН-кодду эстеп калуу зарыл.

4.10.5. SMS аркылуу келген бир жолу колдонуучу Пароль/Кодду эч кимге билдирбеш керек.

4.10.6. Интернет аркылуу жиберилген шилтемелерге отпош керек, формаларга картанын номерин, картанын убыкыт отуу номерин, уч сандуу CVV/CVV-2 коопсуздук кодун толтурбоо керек.

4.10.7. Картага акча которуу учун 16 сандуу картанын бет тарабындагы номерин же телефон номерин которуучу адамга билдирүү жетиштүү.

4.10.8. Эгерде картанын аркы бетиндеги CVC/CVV (коопсуздук код) айтып же фото кылып жиберсениз, алдамчылар картанызды башка мобилдик тиркемеге байланыштырып акчаны которуу аркылуу чыгарып кетиши мумкүн.



4.10.9. Картаны балдар жетпеген жерде кармаңыз. Балдардын ар кыл интернет-рассылкаларына жазылуусуна жол бербеңиз;

4.10.10. Үчүнчү жактардын өтүнүчү/чалуусу боюнча банк картасы менен эч кандай операцияларды жасабаңыз, бейтааныш уюлдук номерлерге/картага/эсептерге акча которбоңуз, Банк эч качан операция кылуу учун сиздерден картанын маалыматтарын сурабайт, Банкта бардык керектүү маалымат бар;

4.10.11. ПИН-кодду алмаштырганда, айкын, оңой эле божомолдонгон сандар айкалышын (мисалы, телефон номеринин аягы, туулган күнү жана башкаларды) колдонго тыюу салынат.

4.10.12. Карта ээси Картаны сактоо эрежелерин сакташы керек:

а) Картаны ачык от чыккан жерлердин жанында калтырбоо;

б) Картаны механикалык таасирге дуушар кылбоо.

4.10.13. Картаны үчүнчү жакка өткөрүп берүүгө болбойт. Үчүнчү жак Картаны колдонсо, анда бул Банк тарабынан ушул Эрежелерди одоно бузуу катары каралат жана Банктын демилгеси боюнча Келишимди бир тараптуу токтотууга алып келиши мүмкүн.

4.10.14. Транзакция жүргүзүлүп жаткан маалда Карта ээси Картаны көрүп турушу керек. Транзакция аяктагандан кийин Картаны дароо кайтарып алуу керек.

4.10.15. Кийин текшерүү максатында бардык квитанцияларды сактоо зарыл. Чектерди коомдук жайлардагы таштанды контейнерге таштоого тыюу салынат.

4.10.16. Мүмкүн болсо, банкоматтарды күндүз колдонуу, ал эми түнкүсүн жарык жерлерди тандоо зарыл. Банкоматта ар кандай шектүү шаймандардын жоктугун текшерип, Банкомат аркылуу операцияларды жүргүзүүдө жанында эч ким турбагандыгына ынануу керек.

4.10.17. Карта ээси Эрежелердин ушул бөлүгүндө көрсөтүлгөн коопсуздук эрежелерин бузган учурда, Банк Карта ээси тарабынан Эсеп боюнча жүргүзүлгөн операциялар үчүн жоопкерчиликти тартпайт.

## 5. БАНКТЫН ЖАНА КАРТА ЭЭСИНИН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРИ

### 5.1. Банктын милдеттенмелери.

5.1.1. Карта ээсине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларына, Келишимге жана ушул Эрежелерге ылайык кызмат көрсөтүү.

5.1.2. Карта ээси тарабынан Банкка Эсеп ачуу үчүн талап кылынган документтер берилген шартта Карта ээсине Эсеп ачуу.

5.1.3. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Эсептин, Эсеп боюнча операциялардын жана Карта ээси жөнүндө маалыматтардын купуялуулугун камсыз кылуу.

5.1.4. Банктын тарифтерине ылайык комиссия Карта ээси тарабынан төлөнгөн шартта Картаны жана ПИН-кодду чыгарып, аларды Карта ээсине өткөрүп берүү.

5.1.5. Ушул Эрежелерге өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жана / же Банктын жаңы Тарифтерин белгилөө же өзгөртүү жөнүндө Карта ээсине маалымдоо. Мындай маалымдоо бул өзгөртүүлөр же толуктоолор күчүнө кирген күнгө чейин 15 (он беш) календардык күн калганда аталган документтердин жаңы редакцияларынын басылып чыккан нускаларын Банктын бардык бөлүмдөрүндөгү маалымат такталарда жайгаштыруу жана / же көрсөтүлгөн маалыматты Банктын www.kompanion.kg веб-сайтына жайгаштыруу жолдору менен ишке ашырылат.

5.1.6. Карта ээсинин пайдасына келип түшкөн акча каражаттарды Банк бардык зарыл документтерди алган күндөн кийинки банктык күндөн кечиктирбестен Карта ээсинин Эсебине чегерүү.

5.1.7. Муну менен бирге, Карта ээсинин Эсебине акча каражаттарын чегерүү үчүн негиз болуп саналган документтерде толук же так эмес, карама-каршы келген маалыматтар камтылган же мындай документтер жок болгон учурда, Банк келип түшкөн сумманы Эсепке чегерүүнү керектүү маалыматтарды камтыган документти алганга чейин кармап турууга укуктуу.

5.1.8. Ошондой эле, акча каражаттарды Эсепке чегерүү үчүн негиз болуп саналган документтерде Карта ээсин идентификациялоо үчүн зарыл болгон маалымат жок болгон же болбосо туура эмес маалымат болгон учурда, Банк сумманы жөнөтүүчүгө кайтарып берүүгө укуктуу.

5.1.9. Карта ээси тарабынан Картаны бөгөттөө / бөгөттөн чыгаруу жөнүндө арызы келип

түшкөндөн кийин бир банктык күндүн ичинде Картаны бөгөттөө / бөгөттөн чыгаруу.

5.1.10. Техникалык овердрафт пайда болгондугу жөнүндө ошол овердрафт жаралган күндөн тартып 7 (жети) банк күндөн кечиктирбестен Карта ээсинин Банктын алдындагы карызын жабуу максатында Карта ээсине кабарлоо.

5.1.11. Карта Банк тарабынан ушул Эрежелердин 5.2.9-пунктуна ылайык бөгөттөлгөн учурда 5 (беш) банктык күндүн ичинде бөгөттөө себебин көрсөтүү менен жазуу жүзүндө же оозеки түрдө Карта ээсине кабарлоо.

5.1.12. Банкта Карта ээсинин тийиштүү арызы бар болгон учурда жана Банк аныктаган шарттарда Карта ээсине же анын тарабынан тийиштүү түрдө берилген ишеним каттын негизинде иш алып барган ыйгарым укуктуу адамга Эсеп боюнча көчүрмөсүн коопсуз электрондук почта же курьердик почта аркылуу ай сайын берип туруу.

5.1.13. Кардардын арызынын негизинде Эсепти жабуу жана тийиштүү комиссияларды / Банктын алдындагы карыздарды кармагандан кийин жана ушул Эрежелерде корсөтүлгөн мөөнөттө бардык өз ара эсептешүүлөр аяктагандан кийин Арызда көрсөтүлгөн реквизиттер боюнча калган акча каражаттардын суммасын которуу же болбосо накталай түрдө берүү.

5.1.14. Банктын алдында карыздар болбогон учурда Карта жокко чыгарылган жана Эсеп ушул Эрежелердин 5.1.13-пунктуна ылайык жабылган күндөн тартып 45 (кырк беш) календардык күндөн кийин азайтылбаган калдыктын суммасын Карта ээсине кайтарып берүү.

**5.2. Банктын укуктары**

5.2.1. Бир тараптуу түрдө ушул Эрежелерди өзгөртүү / толуктоо жана Тарифтерди, пайыздык схемасын жана Эсеп боюнча пайыздык чендерди өзгөртүү же жаңыдан белгилөө, мында ушул Эрежелердин 5.1.5-пунктуна ылайык тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду жайгаштырууга, алар тууралуу Карта ээсине кабарлоого тийиш.

5.2.2. Карта ээсинен ушул Эрежелерди сактоону талап кылуу.

5.2.3. Карыздын жалпы суммасын жабуу үчүн Эсепке келип түшкөн акча каражаттарды учурдагы датага карата төмөнкү кезек боюнча бөлүштүрүү:

а) Банктын комиссиясы, ушул Эрежелердин жана / же Келишимдин шарттарына ылайык азайтылбаган калдыктын сумассынын ордун толтуруу, карталык операциялардын суммасынын ордун толтуруу, ошондой эле Карта ээсинин Банк алдындагы башка төлөнбөгөн карызы;

б) техникалык овердрафт;

в) төлөмдү жүргүзүү үчүн комиссия, эгерде Карта ээси же Кошумча Картанын ээси ушул Эрежелердин жана / же Келишимдин шарттарын бузуп, Картаны өткөрүп берсе жана ПИН-кодду үчүнчү жакка ачса;

г) ишке ашырылган карталык операциялар, алардын ичинде үчүнчү жактар тарабынан Картаны, анын аналогун же реквизиттерин колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялар;

д) Интернет жана МОТО аркылуу ар кандай операцияларды жүргүзүүгө мүмкүндүк берүүнүн мүмкүн болгон терс кесепеттери;

е) Карта ээсинин Банк алдындагы башка милдеттенмелери.

5.2.4. Картаны тейлөөнү токтотуу / Эсеп боюнча операцияны жүргүзүүдөн баш тартуу / Картанын жарактуулук мөөнөтүн узартуудан баш тартуу / Картаны бөгөттөө же алып салуу, эгерде Карта ээси ушул Эрежелерди аткарбаса, Келишим токтотулганда (бузулганда), Карта ээси Картаны колдонуудан баш тартса, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда.

5.2.5. Карта ээсинин Эсебинен же Карта ээсинин Эсебинде акча каражаты жетишсиз болгон учурда Банкта ачылган башка бардык Эсептеринен акцептсиз түрдө (Карта ээсинин кошумча макулдугусуз) төмөнкү акча каражаттарды алып салуу:

а) операциялардын реестринде көрсөтүлгөн Карталык операциянын суммасын;

б) Карта ээси тарабынан жүргүзүлгөн карталык операциялардын суммасын, алардын ичинде башка банктардын комиссиялары, Картаны, Эсепти тейлөө жана Келишим боюнча операцияларды жүргүзүү менен байланышкан башка чыгымдарды. Банк комиссияны анын тарифтерине ылайык карталык операция жүргүзүлүп жаткан маалда же аныкталган мезгилдүүлүк менен алышы мүмкүн;

в) Эсепке туура эмес жана / же ашыкча чегерилген суммаларды;

г) банкомат аркылуу акча каражаттарын алууда катадан улам жана / же ашыкча берилген суммаларды жана / же ПОС-терминал аркылуу карталык операцияларды жүзөгө ашырганда Эсептен алынбай калган суммаларды;

д) Карта ээсинин Банктын алдындагы карызын (туумду эске алуу менен);

е) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган негиздер жана / же учурлар боюнча алынуучу акча каражаттарды;

ж) Банк менен Карта ээсинин ортосундагы келишимдерден келип чыккан Карта ээсинин Банктын алдындагы милдеттенмелери боюнча акча каражаттарды;

з) эгерде акча каражаттары алып салынган Эсептин валютасы Карта ээсинин милдеттенмелеринин жана / же Картаны, Эсепти тейлөө жана Келишимдин алкагында операцияларды жүргүзүү менен байланышкан башка чыгымдардын валютасынан айырмаланса, анда Банк алып салынган сумманы конвертациялоого укуктуу, мында ошол конвертациялоо учуруна карата Банк тарабынан белгиленген нак эмес түрдөгү валюталардын курсу колдонулат жана Банктын Тарифтеринде белгиленген конвертациялоо үчүн комиссиясы Карта ээсинин Эсебинен акцептсиз түрдө алынат;

и) азайтылбаган калдыктын суммасын калыбына келтирүү максатында накталай акча каражаттарды;

к) Карта ээси ушул Эрежелердин 5.3.18-пунктунун (кардардын милдеттенмелери) шарттарына ылайык Картаны кайрадан чыгаруу жөнүндө Өтүнмө берген учурда, Картаны жыл ичинде тейлөөнүн баасындагы акча каражаттарды;

л) техникалык овердрафтты.

5.2.6. Банкоматта ашыкча каражат болбогондо, ошондой эле Банкоматтын электрондук журналында акча каражаттар ийгиликтүү алынгандыгы жөнүндө жазуу болгон учурда жана /же акча каражаттар алынгандыгы Банкоматтын байкоо камерасында жазылган болсо, Карта ээсинин банкоматтан акча каражаттарды алууда алардын жетишсиздиги тууралуу доолорун канааттандыруудан баш тартуу.

5.2.7. Эгерде Эсепте акча каражаттар, анын ичинде кетирилген техникалык овердрафттын суммасы, ага салынган туум жана Тарифтерге ылайык сый акы жок же жетишсиз болсо, Карта ээсинин азайтылбаган калдыгынан ушул Эрежелерден келип чыккан чыгымдарды жана төлөмдөрдү төлөө үчүн каражаттарды акцептсиз түрдө алып салуу.

5.2.8. Карта ээсинен кошумча маалыматтарды, анын ичинде Эсеп боюнча операцияларга байланыштуу каалаган документтерди (келишимдерди, контракттарды, Карта ээсине чыгарылган эсептерди ж.б.) сурап алуу.

5.2.9. Төмөнкү учурларда Картаны бөгөттөө менен аны кийин өз калоосу боюнча жокко чыгаруу жана жабуу, ошондой эле Карта ээсинен 5 (беш) банктык күндүн ичинде Картаны кайтарып берүүнү талап кылуу:

а) Техникалык овердрафт учурлары бир нече жолу пайда болгондо. Мында, Картаны бөгөттөөгө алып келүүчү Техникалык Овердрафттардын саны, жыштыгы жана суммасы Банк тарабынан ар бир конкреттүү учурда өз алдынча аныкталат;

б) Карточка ээси сарпталган азайтылбаган калдыктын суммасын толуктабаганда;

в) Келишим жана ушул Эрежелер боюнча Карта ээсинин Банкка болгон карызын төлөөнүн шарттары бузулган учурда;

г) Карта ээси ушул Эрежелерди бузганда;

д) Карта ээси тарабынан Келишим жана ушул Эрежелер боюнча милдеттенмелери аткарылбаганда;

е) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Эсепти камакка (арестке) коюлган, Эсеп боюнча операциялар токтотулган же башка чектөөлөр коюлган учурларда;

ж) Банк Карта ээсинен Картаны жоготкондугуна, уурдалгандыгына жана / же уруксатсыз колдонулгандыгына байланыштуу Картаны бөгөттөө жөнүндө оозеки билдирүүсүн же Өтүнмөсүн алганда;

з) Банк тарабынан Келишимдин токтотулгандыгы жөнүндө Карта ээсин билдиргенде;

и) Банк ушул Эрежелердин негизинде Кардардын операцияларды жүргүзүү буйруктарын аткаруудан баш тартуу жөнүндө чечимдерин (5.2.15, 5.2.16-пункттары) бир календардык жыл ичинде эки же андан ашык ирет кабыл алганда;

к) Келишимде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда.

5.2.10. Ушул Эрежелердин 5.2.9-пунктунда көрсөтүлгөн негиздер боюнча Картаны бөгөттөө жана жокко чыгаруу Банк өз алдынча аныктаган мөөнөттө жүзөгө ашырылат. Мында, Банк Карта ээси менен акыркы эсептешүүнү Эсептин жабылышына байланыштуу Картанын бөгөттөлүшүнөн кийин 45 (кырк беш) календардык күндөн эрте эмес жүргүзүлөт.

5.2.11. Карта ээси тарабынан Тарифтерге ылайык Банктын комиссиясы өз убагында төлөбөнбөгөн, азайтылбаган калдыктын суммасын толукталбаган, карталык операциялардын суммасынын ордун толтурбаган учурларда, ошондой эле Банктын алдындагы башка карызды төлөбөгөн учурда, Банктын Тарифтеринде белгиленген Техникалык Овердрафт боюнча пайыздык чендин өлчөмүндө туумду ошол төлөнбөгөн мезгилдин бүткүл аралыгында чегерүү. Туумдун суммасы Банк тарабынан Кардардын Эсебинен аны алдын-ала билдирбестен акцептсиз түрдө ушул Эрежелердин 5.2.5-пунктунда каралган тартипте Эсепке же Кардардын башка Эсептерине акча каражаттар кийинки алгач түшкөн заматта алынып салынат.

5.2.12. Карта ээси тарабынан жүзөгө ашырылган күндөн тартып 120 (жуз жыйырма) календардык күндөн кийин берилген карталык операция боюнча доосун кароого кабыл албоо.

5.2.13. Карталык операцияны жүргүзүүдө туура ПИН-кодду киргизүү фактысы аныкталса, Карта ээсинин жүргүзүлгөн операциядан баш тартуусу жөнүндө доосун кароого кабыл албоо.

5.2.14. Эсеп боюнча операцияларды жүргүзүү үчүн башка банктарды өз алдынча тартуу.

5.2.15. Эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык операция террористтик ишти каржылоо же кылмыштуу кирешелерди легалдаштыруу (адалдоо) максатында жүргүзүлүп жаткандыгы тууралуу шектенүүлөр пайда болгон учурда, Банк Кардардын Эсеби боюнча операцияларды жүргүзүүдөн баш тартат.

5.2.16. Банк уюмдардын жана жеке адамдардын тийиштүү санкциялык тизмесине кирген жактардан алынган акча каражаттарды бөгөттөйт. Ошондой эле, Банктын Кардары өзү санкциялык тизмеге киргизилген учурда, анын каражаттары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бөгөттөлөт.

5.2.17. Эгерде Карта ээси ушул Эрежелердин 5.2.8-пунктунда көрсөтүлгөн маалыматты (талап боюнча берилүүчү документтер) суралган мөөнөттө бербесе, ушул Эрежелердин жана / же Келишимдин шарттарын бузса, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда, алдын ала билдирүү жибербестен Эсеп боюнча операцияларды токтото туруу же болбосо Кардарга бир календардык ай мурун эскертүү менен Келишимди бир тараптуу түрдө токтотуп, Эсепти жабуу.

5.2.18. Карта ээсинин Өтүнмөсүнүн (Арызынын) негизинде, Карта боюнча Банктын өзү жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан белгиленген чектөөлөрдүн жана лимиттердин чегинде чектөөлөрдү жана лимиттерди белгилөө.

5.2.19. Карта чыгарылган, бирок Карта ээси аны алуу үчүн Өтүнмө берилген күндөн тартып 6 (алты) календардык айдын ичинде Банкка келбеген учурда, Карта Ээсине алдын-ала бир календардык ай мурун билдирүү менен бир тараптуу түрдө Келишимди токтотуу (бузуу), Картаны жокко чыгарып, аны физикалык түрдө жок кылуу жана Карта ээсине ал төлөгөн комиссияны кайтарып бербөө.

5.2.20. Төмөнкү учурларда Карта ээсине кызмат көрсөтүүнү токтотуп туруу:

а) Система менен иштөөдө техникалык жактан бузуктар пайда болсо - алар жоюлганга чейин;

б) программалык камсыздоо өзгөртүлсө жана профилактикалык иштер жүргүзүлсө.

5.2.21. Эсеп боюнча 12 айдын ичинде эч кандай кыймылдар болбогон учурда Эсепти жабуу, мында Эсептеги акча Банктын милдеттенмелер эсебине которулат.

5.2.22. Карта ээси төлөөгө жөндөмсүз болуп калган учурда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Карта ээсинин Карталары боюнча карыздын ордун толтуруу жөнүндө доо арыз менен сотко кайрылуу.

**5.3. Карта ээсинин милдеттенмелери.**

5.3.1. Эсеп ачуу жана Картаны чыгаруу үчүн, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана Банктын ички ченемдик укуктук актыларында каралган бардык зарыл документтерди Банкка тапшыруу.

5.3.2. Келишимдин жана ушул Эрежелердин шарттарын сактоо, аны менен бирге Кошумча картанын ээси тарабынан Келишимдин жана ушул Эрежелердин тийиштүү шарттарынын сакталышын камсыз кылуу.

5.3.3. Эсеп боюнча операцияларды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын талаптарына, Келишимге жана ушул Эрежелерге ылайык, Эсептеги акча каражаттарынын суммасынын чегинде жүргүзүү.

5.3.4. Кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) жана террористтик же экстремисттик иштиларжылоого каршы аракеттенүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын сактоо, ошондой эле аталган чөйрөдөгү мамилелерди жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык Карта ээсинин ишмердүүлүгүнө жана ал жүргүзгөн операцияларына байланыштуу суралган маалыматтарды жана документтерди Банкка берүү.

5.3.5. Эсепти Карта ээсинин ишкердигине же башка ушул сыяктуу ишине байланыштуу эсептешүүлөрдү жүргүзүү максатында колдонбоо (Элкарт Бизнес карталарын кошпогондо).

5.3.6. Картаны ыйгарым укуксуз үчүнчү жактарга өткөрүп бербөө. Картаны үчүнчү жактар тарабынан колдонууга жол берилбейт. Ушул шарттын бузулушу Картаны алып салууга, Келишимди бир тараптуу токтотууга жана Банкка келтирген бардык чыгашаларды (чыгымдарды) Карта ээси тарабынан төлөп берүүгө алып келет.

5.3.7. ПИН-кодду терүүнүн авторизациясы менен күбөлөндүрүлгөн бардык карталык операциялардын ишенимдүүлүгүн жана аныктыгын таануу.

5.3.8. Тарифтерге ылайык Банктын кызмат көрсөтүүлөрүнө, ошондой эле Карта ээси тарабынан карталык операцияларды жүргүзүү процессинде катышуучу башка банктардын кызмат көрсөтүүлөрүнө жана Картаны тейлөө менен операцияларды жүзөгө ашырууга байланышкан башка чыгымдарды Банк тарабынан төлөөгө каралган эсептер чыгарылган күнүнөн тартып үч банктык күндөн кечиктирбестен төлөө.

5.3.9. Картанын коопсуздугун, бүтүндүгүн, ошондой эле ПИН-коддун жана Карта боюнча авторизациялоо циклин өткөрүү үчүн башка жашыруун көлөмдөрдүн, анын ичинде бир колдонмо паролдордун, CVV2 / CVC2 жана башкалардын купуялуулугун камсыз кылуу.

5.3.10. Карта ээсинин күнөөсү боюнча Келишимдин жана ушул Эрежелердин шарттары аткарылбагандыгынан жана / же талаптагыдай эмес аткарылгандыгынан улам келип чыккан Банктын бардык чыгымдарынын жана соттук чыгашалардын Банк тарабынан төлөөгө каралган эсептер чыгарылган күнүнөн тартып үч банктык күндөн кечиктирбестен толугу менен ордун толтуруу.

5.3.11. Эсепке туура эмес чегерилген жана / же банкомат аркылуу акча каражаттарын алууда катадан улам берилген жана / же ПОС-терминал аркылуу карталык операцияларды жүзөгө ашырганда Эсептен алынбай калган акча каражаттарды Эсеп боюнча көчүрмөнү алган учурдан тартып 2 (эки) банктык күндүн ичинде Банкка кайтарып берүү.

5.3.12. Картаны жана Банк тарабынан көрсөтүлгөн кызматтарды мыйзамсыз максаттарда колдонбоо.

5.3.13. Банк тарабынан Карта ээсине берилген Карталарды Келишимдин мөөнөтү бүтөөрү менен жана / же Банктын биринчи талабы боюнча кайтарып берүү.

5.3.14. Паспорттогу маалыматтар, дареги жана Өтүнмөдө көрсөтүлгөн же Банкка Эсеп ачуу үчүн берилген башка маалыматтар өзгөргөндүгү жөнүндө Банкка жазуу жүзүндө мындай өзгөрүүлөр кирген күндөн тартып 1 (бир) банктык күндөн кечиктирбестен кабарлоо жана ушул мөөнөттө аталган өзгөрүүлөрдү тастыктаган документтерди Банкка берүү.

5.3.15. Банктын өтүнүчү боюнча, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Банктын ички жол-жоболоруна ылайык, 5 (беш) күндүн ичинде бардык суралган маалыматтарды, ошондой эле Кардардын ишине жана жүргүзүлүп жаткан операцияларга байланыштуу документтерди, алардын ичинде Эсеп боюнча жүргүзүлгөн операциялардын экономикалык маанисин тастыктаган маалыматтарды.

5.3.16. Акча каражаттардын Эсепке туура эмес чегерилгендиги жана / же банкомат аркылуу катадан улам берилгендиги жана / же ПОС-терминал аркылуу карталык операцияларды жүзөгө ашырганда Эсептен алынбай калган туура эмес алынгандыгы аныкталган учурда ошол тууралуу Банкка жазуу жүзүндө маалымдоо.

5.3.17. Төмөнкү учурларда Картаны пайдалануу менен жүргүзүлгөн бардык карталык операциялар үчүн акыны Операциялардын реестрине ылайык 45 (кырк беш) календардык күндүн ичинде төлөө:

5.3.17.1. Банктын демилгеси боюнча Картаны жокко чыгаруу жөнүндө жазуу жүзүндөгү билдирүүнү Карта ээси алган учурда, ошол билдирүүнү алган күндөн тартып;

5.3.17.2. Банк тарабынан Картаны Карта ээсинин тийиштүү арызынын негизинде жана аны Стоп-баракчасына киргизбестен бөгөттөө (блокировкалоо) учурунда, бөгөт коюлган күндөн тартып.

5.3.18. Картанын жарактуулук мөөнөтү бүткөнгө чейин 5 (беш) календардык күн калганда, Банкка Картаны жаңы мөөнөткө кайра чыгаруу жөнүндө өтүнмө менен кайрылуу. Эгерде Карта ээси Картаны кайра чыгарууга жөнүндө өтүнмөнү бербесе, карта автоматтык түрдө жокко чыгарылат, ал эми келечекте кардардын арызынын негизинде жаңы Карта чыгарылат.

5.3.19. Банктан жазуу жүзүндөгү тийиштүү билдирүү алгандан соң Карта / Карталар боюнча карталык операцияларды жүргүзүүнү токтотууу жана билдирүү алган күндөн тартып 5 (беш) банктык күндүн ичинде Эсеп боюнча чыгарылган тийииштүү Картаны / Карталарды Келишимдин шарттарына ылайык кайтарып берүү.

5.3.20. Келишим токтотулган (бузулган) учурда, Келишимдин шарттарына ылайык чыгарылган Картаны / Карталарды Келишим токтоулгандыгы жөнүндө жазуу жүзүндөгү билдирүүнү алган күндөн тартып 5 (беш) банктык күндөн кечиктирбестен Банкка өткөрүп берүү.

**5.4. Карта ээсинин укуктары**

5.4.1. Картаны Келишимге жана ушул Эрежелерге так ылайык колдонуу.

5.4.2. Ишкердикке байланышпаган (Элкарт Бизнес карталарын кошпогондо), ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Банктын ички ченемдик актыларына жана Келишимге карама-каршы келбеген карталык операцияларды Карта ээсинин Эсептеги каражаттарынын калдыгынын чегинде жүргүзүү.

5.4.3. Акча каражаттарды Авторизациялоо лимитинин чегинде Карта аркылуу башкаруу, мында жекече коюлган колунун аналогу болуп эсептелген жана буйрук ыйгарым укуктуу адам тарабынан берилгендигин тастыктаган жекече ПИН-код колдонулат.

5.4.4. Ушул Эрежелерде белгиленген тартипте Картаны бөгөттөө / бөгөттөн чыгаруу боюнча арыз менен Банкка кайрылуу.

5.4.5. Карта ээсине таандык Картаны пайдалануу менен Интернет жана МОТО аркылуу ар кандай операцияларды жүзөгө ашырууга мүмкүнчүлүк алуу, мында Карта ээси жоопкерчиликти жана ушул мүмкүнчүлүктөн келип чыгышы мүмкүн болгон тобокелдиктерди жана кесепеттерди түшүнөт жана аларды билгендигин тастыктайт.

5.4.6. Картаны пайдалануу менен операциянын жүргүзүлүш фактысын тастыктаган төлөм чегинин көчүрмөсүн Банктын Тарифтерине ылайык алуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү суроо-талап менен Банкка кайрылуу.

5.4.7. Карта ээси тарабында каршы пикири болсо, карталык операция жүргүзүлгөн күндөн тартып 120 (жуз жыйырма) календардык күндүн ичинде ошол операция боюнча доосун Банкка жиберүү. Каршы учурда, жүргүзүлгөн карталык операция тастыкталды деп эсептелинет, Карта ээсинин мындан кийинки доолору Банк тарабынан кабыл алынбайт.

5.4.8. Арыз ушул Эрежелердин 5.4.7-пунктунда көрсөтүлгөн мөөнөтүнө ылайык берилген учурда, ошондой эле Банк тарабынан суралган кошумча маалымат 5 банктык күндүн ичинде берилгенде, акча каражаттарды калыбына келтирүүгө укуктуу. Банк тарабынан суралган маалымат берилбесе / толугу менен берилбесе / убагында берилбесе, доосун Банк тарабынан кароо иши токтотулат. Акча каражаттарды Карта ээсинин Эсебине калыбына келтирүү талаш-тартыш оң чечилген учурда гана жүзөгө ашырылат.

5.4.9. Карта жоголгондо, уурдалганда жана / же уруксатсыз (санкциясыз) колдонулганда, бузулганда, анын ПИН-коду жоголгондо, Картанын магниттик тилкеси иштебей калганда же реквизиттери өзгөргөндө, Картаны кайра чыгаруу жөнүндө өтүнмө (арыз) менен кайрылуу (бул учурда Картанын жарактуулук мөөнөтү узартылбайт жана ошол эле бойдон калат).

5.4.10. Суроо-талаптын негизинде Эсеп боюнча белгилүү бир мезгил ичиндеги көчүрмөсүн алуу.

5.4.11. Картанын жарактуулук мөөнөтү аяктагандан кийин Банкка Картаны жаңы мөөнөткө кайра чыгаруу жөнүндө арыз жазуу.

5.4.12. Эсепти жабууга чейин 45 (кырк беш) календардык күн мурун Банкка кабарлоо менен Картаны жокко чыгарып, Картага туташтырылган (байланган) Эсепти жабуу.

## 6. ТАРАПТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ

6.1. Тараптар ушул Эрежелерде жана Келишимде каралган милдеттенмелерин аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Келишимге жана ушул Эрежелерге ылайык жоопкерчиликти тартат.

6.2. Банк төмөнкүлөр үчүн жооп бербейт:

а) үчүнчү жактын Картаны тейлөөдөн баш тарткандыгы үчүн;

б) Карта ээси Карта жоголгондугуна байланыштуу Картаны бөгөттө талабы менен өз убагында кайрылбагандыгынын кесепеттери үчүн;

в) Карта ээсинин Эсебиндеги акча каражаттары камакка алынган учурда же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган негиздерде жана / же башка учурларда операциялардын жүргүзүлүшү мүмкүн эместиги үчүн;

г) Картаны пайдалануу менен сатып алынган товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты үчүн;

д) үчүнчү жак тарабынан белгиленген жана Карта ээсинин кызыкчылыктарына таасир этиши мүмкүн болгон лимиттер, чектөөлөр жана кошумча сый акылар (кызыкчылыктар) үчүн;

е) Карта ээси жоголгон / уурдалган Картаны бөгөттөө / Стоп тизмесине жайгаштыруу өтүнүчү менен Банкка өз убагында кайрылбагандыгынын кесепеттери үчүн;

ж) Картаны пайдалануу менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча маалыматтарды кабыл алууну, иштеп чыгууну жана өткөрүп берүүнү камсыз кылган системаларынын бузулушунан жана Банктын көзөмөлүнөн тышкары себептерден улам келип чыккан учурлар үчүн;

з) Картанын реквизиттерин колдонуп Интернет жана МОТО аркылуу ар кандай операцияларды жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк алуунун терс кесепеттери үчүн, алардын ичинде (бирок алар менен чектелбестен): үчүнчү жактар тарабынан Картанын реквизиттерин Интернет жана МОТО аркылуу колдонуу тобокелдиги (5.4.5-пункт), же болбосо үчүнчү жактар тарабынан Картанын реквизиттери менен уруксатсыз жасалган Картаны колдонуу үчүн;

и) Карта ээси тарабынан Келишимдин шарттарын, ошондой эле андан келип чыккан эрежелерди жана милдеттенмелерди бузуунун натыйжасында келтирилген залал үчүн;

к) Карта ээси байланыштын ачык каналдары, алардын ичинде SMS, e-mail, факс ж.б. аркылуу суроо-талапты жиберген учурда же ошол каналдар аркылуу маалыматтарды жиберүү жөнүндө тапшырма берген учурда, Карта ээсине аталган каналдар аркылуу жиберилип жаткан ошол маалыматтардын купуялуулугу үчүн;

л) ыйгарым укуктуу органдардын жана кызмат адамдарынын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык берилген тийиштүү документтеринин негизинде Эсеп боюнча операциялар үчүн.

6.3. Карта ээси Банкка келтирилген чыгашалардын ордун толтуруу түрүндө төмөнкүлөр үчүн жооп берет:

а) жоголгон / уурдалган Картаны бөгөттөө өтүнүчү менен Банкка өз убагында кайрылбоо үчүн;

б) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Келишимге ылайык, Эсепке жаңылыштан улам чегерилген акча каражаттарын Банкка кайтарып бербөө үчүн;

в) Картаны ыйгарым укуксуз жактарга өткөрүп берүү же алар Картага уруксатсыз (санкциясыз) мүмкүнчүлүк алуу үчүн, ошондой эле Эсепти башкаруу жана Карта боюнча операцияларды жүргүзүү үчүн зарыл болгон маалыматты (ПИН-кодду, код сөзүн ж.б.) ачыкка чыгаруу үчүн;

г) Карта ээси жүргүзгөн Эсеп боюнча операциялар үчүн;

д) Келишимдин шарттарын жана ушул Эрежелердин талаптарын сактабагандыгынын натыйжасында Банкка келтирилген залал үчүн;

е) Келишимге жана ушул Эрежелерге ылайык Банкка берилген маалыматтардын толуктугу, ишенимдүүлүгү жана өз убагында берилиши үчүн. Кардар өтүнмө-анкетада камтылган

маалыматтардын өзгөрүшү тууралуу Банкка дароо билдирүүгө милдеттенет. Туура эмес же толук эмес маалыматтарды берген учурда, ошондой эле маалымат өз убагында берилбеген учурда, Кардар Банкка ушуга байланыштуу келтирилген залалдын ордун толугу менен толтуруп берет;

ж) Карта ээсинин күнөөсү боюнча Банк тарткан чыгымдар жана сот чыгымдары үчүн, Банкка келтирилген залалдын толук көлөмүндө;

з) Картасы боюнча кылмыштуу кирешелерди легалдаштыруу (адалдоо) жана террористтик же экстремисттик ишти каржылоо боюнча операцияларды, ошондой эле алдамчылык операцияларын жүргүзүү үчүн;

и) Келишимдин жана ушул Эрежелердин шарттарын аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн, ошондой эле ушуга байланыштуу ар кандай кесепеттер үчүн.

6.4. Карта ээси ушул Эрежелердин 5.3.8., 5.3.9., 5.3.10-пункттарында белгиленген милдеттенмелерин бузган учурда, ал Банкка Банктын Тарифтерине ылайык туумду төлөп берет.

6.5. Тараптардын эч кимиси алдын-ала көрө албаган жана акылга сыярлык иш-аракеттер менен алдын ала албаган дарамет жеткис күчтөр жагдайларынын (форс-мажордун) айынан Келишим жана ушул Эрежелер боюнча милдеттенмелерин жарым-жартылай же толугу менен аткарбагандыгы үчүн Тараптар жоопкерчиликтен бошотулат. Дарамет жеткис күчтөрдүн жагдайларына төмөнкүлөр кирет, бирок алар менен чектелбейт: төлөм системасындагы штаттан тышкаркы (өзгөчө) кырдаалдар, табигый кырсыктар, аскердик иш-аракеттер, мамлекеттик төңкөрүштөр, революциялар, массалык башаламандыктар, террористтик актылар, жарандык толкундоолор, өрттөр жана жер титирөөлөр, өкмөттүн, мамлекеттик органдардын, банктык чөйрөсүн контролдоо жана көзөмөлдөө органдарынын ж.б. иш-аракеттери, Келишим түзүлгөн күндөн кийин күчүнө кирген мыйзамдар, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жана / же Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары тарабынан тийиштүү Тараптын Келишим боюнча милдеттенмелеринин аткарылышы мүмкүн эместигине алып келген чечимдери.

6.6. Ушул Эрежелердин 6.4-пунктунда аталган жагдайлар келип чыкканда, ошол форс-мажордук жагдайларга шилтеме кылган кайсы болбосун Тарап экинчи Тарапка мындай жагдайлар болгон күндөн тартып 10 (он) календардык күндөн кечиктирбестен жазуу жүзүндө билдирүүгө милдеттүү. Форс-мажордук жагдайларга шилтеме кылган Тарап экинчи Тарапка ошол жагдайларды тастыктоо үчүн компетенттүү мамлекеттик органдын документин берүүгө милдеттүү, антпесе ал Тарап өзүнүн Келишим боюнча милдеттенмелерин жарым-жартылай же толугу менен аткарбагандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотуу максатында форс-мажордук жагдайларга шилтеме кылуу укугун жоготот.

6.7. Банк-корреспондент же үчүнчү банк тарабынан келтирилген чыгымдар, каталар, кемчиликтер же төлөмдөрдүн кечиктирүүлөрү үчүн, ошондой эле алардын финансылык абалынан келип чыккан кесепеттер үчүн Банк жооптуу эмес.

6.8. VISA Картасы жоголгон, уурдалган же башка мыйзамсыз колдонулган учурда Банк Карта ээсинен Картаны Стоп-баракчага киргизүү менен бөгөттөө зарылчылыгы жөнүндө жазуу жүзүндөгү арызын алган күндөн тартып 10 (он) банктык күндүн ичинде Карта ээсинин Эсебинен акча каражаттардын алып салынышы үчүн жоопкерчиликти тартпайт. Мында Банк Картаны пайдалануу менен ушул пунктта көрсөтүлгөн мезгилдин (10 банктык күндүн) ичинде жүргүзүлгөн операциялар боюнча акча каражаттарды Карта ээсинин Эсебинен акцептсиз түрдө алып салууга укуктуу.

6.9. Элкарт Картасы жоголгон, уурдалган же башка мыйзамсыз колдонулган учурда Банк Карта ээсинен Картаны Стоп-баракчага киргизүү менен бөгөттөө зарылчылыгы жөнүндө жазуу жүзүндөгү арызын алган күндөн тартып 2 (эки) банктык күндүн ичинде Карта ээсинин Эсебинен акча каражаттардын алып салынышы үчүн жоопкерчиликти тартпайт. Мында Банк Картаны пайдалануу менен ушул пунктта көрсөтүлгөн мезгилдин (2 банктык күндүн) ичинде жүргүзүлгөн операциялар боюнча акча каражаттарды Карта ээсинин Эсебинен акцептсиз түрдө алып салууга укуктуу.

## 7. ДООЛОР МЕНЕН ИШТӨӨ ТАРТИБИ

7.1. Карта ээсине Карта боюнча операциялардын жүргүзүлүшүн тастыктаган төлөм документтерин карталык операциялар аркылуу акча каражаттардын сарпталышын эсепке алуу жана мүмкүн болгон талаш-тартыштарды чечүү максатында сактап коюу сунушталат.

7.2. Карта ээси Банктан карталык операциялар боюнча акча каражаттарын эсептен чыгаруунун тууралыгын тастыктаган документтердин көчүрмөсүн талап кылууга укуктуу.

7.3. Карта ээси талаштуу операциялардан келип чыккан бардык маселелер боюнча Банкка жазуу жүзүндө суроо-талап (доо) жиберет. Эгерде ал суроо-талап Банк тарабынан кабыл алынса, Банк Төлөм системасынын алдында Карта ээсинин атынан иш алып барат. Суроо-талапты кароо мөөнөтү 14 күнду түзөт.

7.4. Эгерде Эсеп боюнча көчүрмөдө шектүү операция табылса, анда ишке ашырылган операция боюнча маалыматтарды тактоо үчүн Банкка кайрылуу керек. Картадагы акча каражаттары уруксатсыз (санкциясыз) пайдаланылган учурда арыз жазып, анда Карта ээсинин толук аты-жөнүн, Картанын номерин, Эсептин номерин, Карта ээсинин инсандыгын ырастоочу документтин реквизиттерин, талаштуу операция жүргүзүлгөн күнүн, операциянын суммасы жана арыздын (талаптарынын) маңызын көрсөтүү зарыл.

7.5. Карта боюнча шектүү операцияны жүргүзүү тобокелдиги пайда болгон учурда Карта анын ээсин эскертпестен Банк тарабынан бөгөттөлүшү мүмкүн.

7.6. Төлөм системаларынын эрежелеринде карта боюнча талаштуу операцияны карап чыгунун мөөнөтү чектелип, операция ишке ашырылган күндөн тартып 120 күндү түзөт. Эгерде доо (суроо-талап) негиздүү болсо, Банк карталык операциянын суммасын Карта ээсинин Эсебине кайтарып берет.

7.7. Доо арызды иштеп (карап) чыгуу процесси төмөнкүдөй:

а) Карта ээси жазуу жүзүндөгү доо арызын бергенден кийин, Банк операция чындыгында жүргүзүлгөндүгүн аныктоо үчүн доо коюлган операция боюнча иликтөө жүргүзөт. Банк операциянын жүргүзүлгөндүгү тууралуу фактысын тастыктаган кошумча документтерди талап кылууга укуктуу (төлөм учурундагы берилген чекти, банкоматтан акча алуу учурундагы чыгарылган чекти);

б) акча каражаттар Карта ээсинин күнөөсү жок жана туура эмес алып салынган фактысы тастыкталган учурда, Банк 3 (үч) жумушчу күндүн ичинде акча каражаттарды кайтарып берет;

в) Банкоматта ашыкчалар жок болгон учурда, ошондой эле банкоматтын электрондук журналында акча каражаттар ийгиликтүү алынгандыгы жөнүндө жазма болгон учурда жана / же акча каражаттар алынгандыгы Банкоматтын видеобайкоо камерасына жазылган учурда, Карта ээсинин Банкоматтан акча каражаттарды алууда кем чыгуу тууралуу доолорун канааттандыруудан Банк баш тартат.

7.8. Карта боюнча шектүү операциялар, анын ичинде алдамчылык операциялар жүргүзүлгөндүгү жөнүндө фактысы аныкталган учурда, Банк тийиштүү маалыматты Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга өз убагында билдирүүгө милдеттүү.

7.9. Негизсиз доолор төлөм системалары тарабынан айып менен жазаланат, мында айыптын суммасы талаштуу Карталык операциясынын суммасынан ашып кетиши мүмкүн. Банк Карта ээсинин макулдугусуз Карта ээсинин Эсебинен айыптардын жана негизсиз доолордун суммасын алып салууга укуктуу.

## 8. ТАЛАШ-ТАРТЫШТАРДЫ ЧЕЧҮҮ ТАРТИБИ

8.1. Тараптардын ортосунда Келишим боюнча келип чыккан бардык талаш-тартыштар жана келишпестиктер өз ара кызыкчылыктарды эске алуу менен сүйлөшүүлөр жолу менен чечилет. Талаштуу маселе боюнча макулдашууга жетишилбеген учурда, иш Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте каралууга тийиш.

8.2. Тараптар өзүлөрүн Келишимде жана ушул Эрежелерде каралган милдеттенмелер менен байланыштырышат. Жогоруда айтылгандыгынын далили катары, Тараптар бирдей юридикалык күчкө ээ болгон эки нускада (ар бир тарапка бир нускадан) Келишим түзүштү.

8.3. Макулдашууга жетишилбеген талаш-тартыштар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык сот тартибинде чечилет.

8.4. Тараптар, Келишимге кол коюу менен, Системадан алынган электрондук маалымат каражаттарындагы операциялар жөнүндө маалыматтарды талаш-тартыштарды чечүүдө далил катары таанууга макул экендигин ырасташат.

**Ушул Эрежелер Келишимдин бир бөлүгү жана Карта ээси тарабынан аткарууга милдеттүү болуп саналат.**

*№1 Тиркемеси*

**Банктык төлөм караталары менен эл аралык эсептешүү системаларын колдонуп, операцияларды жүргүзүүдө валюталарды конвертациялоонун болжолдуу схемалары**

Эл аралык төлөм системаларынын (мындан ары – ЭТС) банктык төлөм карталарын пайдалануу менен чек ара аркылуу операцияларды жүргүзүүдө эсептешүүлөр ЭТСдин курсу боюнча ишке ашырылат.

Төмөндө валюталарды конвертациялоодо болгон комиссиялардын мисалдары шарттуу түрдө гана белгиленген:

1) ЭТСдин алмаштыруу курстары:
   - 1 доллар=460 тенге
   - 1 доллар= 96,0085 рубль
   - 1 доллар= 79,00 сом
2) КР Улуттук банктын эсептик чени = 90,5 сом
3) Коммерциялык банктын (мындан ары – КБ) алмаштыруу курстары:
   - 1 доллар=79,6 сом – каражаттарды блокировкалоо учуруна карата
   - 1 доллар=79,6 сом – каражаттарды блокировкалоо учуруна карата
   - 1 доллар= 86,5 сом – каражаттарды банктык эсептен алып салуу учуруна карата (эгерде төлөм офф-лайн же дем алыш/майрам күндөрү болсо), эсептешүү 2 күндөн 14 күнгө чейин.
4) Конвертациялоо үчүн тарифтер:
   - ЭТС тарифтери – каралган эмес
   - Банктын комиссиясы – каралган эмес
   - Мультипликатор- 6%

**1-мисал. КР аймагындагы жана КР чегинен тышкары соода түйүндөрдө, алардын ичинде чет өлкөлүк интернет-дүкөндөрдө болгон операциялар**: VISA ЭТСдин карталарын колдонуу менен товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу/төлөө:

- ❖ **<u>АКШ доллары валютасында</u>**, 150 000 теңге суммасында операция мультипликаторду эске алуу менен жана ЭТС курсун колдонуу менен жүргүзүлөт: 150 000 теңге/460 теңге=$326,09+6%= $345,66;
- Коммерциялык банк өзүнүн жана Улуттук банктын курстарын эске алуу менен сумманы блокко коёт: $345,66*79,6/90,5=$304,03, башкача айтканда ушул сумма кардардын картасында блокко коюлат.
- КР Улуттук банктын курсу КБ курсунан жогору болгон, башкача айтканда блокко коюлган сумма иш жүзүндө алып салынган суммадан аз болгон шартта, 12 күндүн ичинде чегерүү үчүн файлдарды иштеп чыгууда 326,09 АКШ доллары кардардын картасынан алып салынат + 19,57 АКШ доллары - кардардын эсебинен алып салынат. Эгерде кардар картадагы калдыкты пайдаланса, анда файлдарды иштетип чыгууда кардардын картасында техникалык овердрафт пайда болот.
- Эгерде Улуттук банктын курсу КБ курсунан төмөн болсо – мисалы, 75 сом, анда $345,66*79,6/75,00=$366,86, башкача айтканда ушул сумма кардардын картасында блокко коюлат. Мындан кийин $326,09 кардардын картасынан алып салынып, $40,77 кардарга жеткиликтүү болуп калат.

- ❖ **<u>кыргыз сом валютасында</u>**, операция мультипликаторду эске алуу менен жана ЭТСдин курсун колдонуу менен ишке ашырылат:
- 150 000 тенге/460 тенге=$326,09+6%=$345,66*90,5=31282,23 сом кардардын картасында блокко коюлат.

- Эсептен алып салуу учурга карата КБнын курсун кийин колдондо $326,09*86,5 (эсептен алып салуу учурга карата КБнын курсу) = 28 206,78 сом кардардын картасынан алып салынат. **3 075,45 сомду түзгөн айырма кардарга кайтарып берилет.**

**2-мисал: P2P акча которуу.** Россия Федерациясынан VISA ЭТСдин картасынан 100 000 рубльди ЭТСдин жана КБнин курстарын колдонуу менен которуу:

- **Сом валютасындагы карт-эсепке** 100 000/96,0085 = $1041,57*79,6 = 82908,97 сом суммасы КБнин нак эмес эсептешүүлөр үчүн курсу боюнча чегерилет.
- **АКШ доллар валютасындагы карт-эсепке** 100,000/96,0085 (рубльдин АКШ долларына Visa курсу) = $1041,57 доллар кардардын картасына чегерилет.

**3-мисал. МИР Төлөм карттардын улуттук системасынын (ТКУС) картасынан Элкарт картасына акча которуу.** Россия Федерациясынан Элкарт картасынын номери боюнча тез төлөмдөр системасы аркылуу 5 000 рубльди МИР ТКУС авторизациялоо учурундагы (мисал катары, 1,124560) жана клиринг аркылуу ордун толтуруу учурундагы курсун (мисал катары, 1,27117) колдонуу менен которуу.

- **Сом валютасындагы карт-эсепке** 5000/1,124560=4446,18 сом авторизациялоо учурундагы алмашуу курсу боюнча картага чегерилет, клиринг боюнча сумманын ордун толтурганда, МИР ТКУС курсу (1,27117) колдонулат, ал эми кардардын эсебинин көчүрмөсүндө 5000/1,27117=3933,38 сом чагылдырылат. Кардар иш жүзүндө 4446,18 сом чечет, ордун толтуруу үчүн 3933,38 сом сумма келет, айырмасы 512,80 сомду түзөт, карта минуска өтүп кетти. Башкача айтканда, Кардар орду толтурулган суммадан ашык акчаны чечип алган.